**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ИНДУСТРИАЛДЫК-ПЕДАГОГИКАЛЫК КОЛЛЕДЖИ**

**БЕКИТЕМИН**
ОшМУнун Окуу-усулдук бирикменин
Координицаялык кеңешинин төрагасы,
доцент Р.Н.Арапбаев _______________
«______» ______________ 2025-ж.

# НЕГИЗГИ КЕСИПТИК БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОГРАММАСЫ

## 230109 “Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы”

**Квалификация – техник-программист**

**Окутуунун түрү: күндүзгү**

**2025-2026-окуу жылы**

230109 «Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» багыты боюнча негизги кесиптик билим берүү программасы (НКББП) Индустриалдык-педагогикалык колледжинин программалоо предметтик циклдык коммисиясынын 2025-жылдын “__”___________ күнү болуп өткөн №___ отурумунда талкууланган.

программалоо предметтик циклдык коммисиясынын төрайымы: Аттокурова А.А.

230109 «Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» багыты боюнча негизги кесиптик билим берүү программасы (НКББП) Индустриалдык-педагогикалык колледжинин окуу-усулдук кеңешинин 2025-жылдын “__”___________ күнү болуп өткөн №___ отурумунда талкууланган.

ИПКнын техникалык адистиктер бөлүмүнүн башчысы: Мамаев С.С.

230109 «Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» багыты боюнча негизги кесиптик билим берүү программасы (НКББП) Индустриалдык-педагогикалык колледжинин педагогикалык кеңешинин 2025-жылдын “__”___________ күнү болуп өткөн №___ отурумунда талкууланган.

ИПКнын директору, фил.и.к., доцент: Манашов М.Э.

---

230109 «Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» багыты боюнча негизги кесиптик билим берүү программасынын (НКББП) эксперттери:

Кыргыз-өзбек университетинин
Маалымат жана инновация технологиялар
бөлүмүнүн башчысы т.и.к., доцент: Адылов Ч.А.

Ош шаардык жерге жайгаштыруу
жана кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо
башкармасынын маалыматтык
технологиялар бөлүмүнүн башчысы: Кыштообаев О.Т.

ОшМУнун IT академиясынын
директору ф-м.и.к., доцент: Молдояров У.

ОсОО «Элкат» «Элкат-Ош»
филиалынын директору: Абдыкалыков У.С.

МАЗМУНУ

Каралып жаткан негизги билим берүү программасыдагы атоолор (терминдер), аныктамалар, белгилөөлөр жана кыскартуулар 5

I.ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР 6

1.1. 6

1.2. 230109 “Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы” багыты боюнча орто кесиптик билим берүүдөгү НКББПнын жалпы мүнөздөмөсү 7

1.3. ОКББ НКББПнын максаты 7

Бул миссияга ылайык “Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы” багыты боюнча техник-программисттерд даярдоодо төмөнкү максаттар аныкталган: 7

Программанын максаттары 7

1.4. НКББП ны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 8

1.5. НКББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 8

1.6. НКББП жана аны пайдалануучулар 8

1.7. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим деңгээлине талаптар 9

II. 230109 «ЭСЕПТӨӨ ТЕХНИКАСЫНЫН ЖАНА АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАЛАРДЫ ПРОГРАММАЛЫК КАМСЫЗДОО» БАГЫТЫ БОЮНЧА БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КЕСИПТТИК МҮНӨЗДӨМӨСҮ 10

2.1. ЖОЖдун НКББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар 10

2.2.Студенттин НКББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар 11

2.3.Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү 11

2.4.Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү: 11

2.5.Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаттын баалоо 12

III.230109 «ЭСЕПТӨӨ ТЕХНИКАСЫНЫН ЖАНА АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАЛАРДЫ ПРОГРАММАЛЫК КАМСЫЗДОО» БАГЫТЫ БОЮНЧА НКББПны АЯКТАГАНДА КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАРЫНЫН ЖЫЙЫНДЫСЫ КАТАРЫ БҮТҮРҮҮЧҮ ЭЭ БОЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР 15

3.1. НББПнын негизги компетенциялары 15

3.2. Күтүлүүчү натыйжалар (окутуунун натыйжалары) 17

3.3. Күтүлүүчү натыйжалардын максаттарга дал келүүчүлүк матрицасы 18

IV. «ЭСЕПТӨӨ ТЕХНИКАСЫНЫН ЖАНА АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАЛАРДЫ ПРОГРАММАЛЫК КАМСЫЗДОО» БАГЫТЫ БОЮНЧА НКББПЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУНУН РЕГЛАМЕНТТӨӨЧҮ ДОКУМЕНТТЕРИ 19

4.1.Окуу планы 19

4.2. Жумушчу окуу планы 28
4.3.НКББПнын компетенциялар картасы 33
4.4.Окутулуучу дисциплиналардын аннотациялары 36
*Мурдагы реквизиттер (билимдер)* 38
V. НКББПсын ИШКЕ АШЫРУУНУ ОКУУ-МЕТОДИКАЛЫК ЖАНА МААЛЫМАТТЫК КАМСЫЗДОО 42
5.1.Техник-программисттерди даярдоонун НКББПнын түзүмүнө талаптар. 42
5.2.Окуу жараянын кадрдык камсыздоо 43
5.3.Окутуу жараянын укуктук-усулдук жана маалыматтык камсыздоо 43
5.4.Окутуу жараянын материалдык техникалык камсыздоо 43
VI.МАКТЫН ТАЛАПТАРЫ 45
6.1.Жыйынтыктоочу мамлекеттик аттестацияга карата талаптар 45
6.2.Техниктин бүтүрүүчү квалификациялык ишине талаптар 45
6.3.Адистик боюнча мамлекеттик сынакка талаптар 45

## Каралып жаткан негизги билим берүү программасыдагы атоолор (терминдер), аныктамалар, белгилөөлөр жана кыскартуулар

Кыргыз Республикасынын орто кесиптик билим берүү жаатында белгиленген тартипте кабыл алынган эл аралык документтерге жана НКББПга ылайык төмөнкү атоолор жана аныктамалар пайдаланылат.

- **негизги кесиптик билим берүү программасы** - максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, даярдоонун тийиштүү багыты боюнча билим берүү жараянын ишке ашыруунун мазмунун жана уюштурулушун чектөөчү (регламенттөөчү ) окуу, усулдук (методикалык) иш кагаздардын топтому (документтердин жыйындысы);
- **сабактар циклы** - окутуунун, тарбиялоонун белгиленген максаттарына жана натыйжаларына карата белгилүү бир логикалык жыйынтыкка ээ болгон билим берүү программасынын бир бөлүгү же окула турган сабактардын топтому;
- **модуль** – окула турган сабактардын бөлүгү;
- **компетенттүүлүк** - тийиштүү тармакта кесиптик ишмердүүлүк менен аткаруудагы зарыл болгон инсандык динамикалык сапаттарынын топтому, билими, шыгы, көндүмү;
- **Техник-программист** -1 жыл 10 айдан (11-кл.базасында), 2 жыл 10 айдан (9-кл.базасында) кем эмес мөөнөтү менен орто кесиптик билим берүүнүн негизги билим берүү программасын ийгиликтүү өздөштүргөндөргө аттестациянын жыйынтыгы боюнча ыйгарылуучу квалификация жана ал квалификацияга ээ болгондор үчүн белгилүү бир кесиптик ишмердик менен иш жүргүзүүгө же тийиштүү багыт боюнча «бакалавр» академиялык даражасын алуу үчүн окууну улантууга укук берет;
- **кредит -** негизги кесиптик билим берүү программасынын сыйымдуулугунун шарттуу өлчөмү;
- **окутуунун натыйжалары -** негизги билим берүү программасын окуп өздөштүргөндүгүнүн жыйынтык зиректиктери.

**Кыскартуулар жана белгилөөлөр**

Мамлекеттик билим берүү стандартында төмөндөгү кыскартуулар жана белгилөөлөр колдонулат:

- МББС – Мамлекеттик билим берүү стандарты;
- ОКББ – орто кесиптик билим берүү;
- НКББП – негизги кесиптик билим берүү программасы;
- ОУК – окуу-усулдук кеңеш;
- НКББП ДЦ – негизги кесиптик билим берүү программасынын дисциплиналарынын цикли;
- ЖИК – жалпы илимий компетенциялар;
- АК – аспаптык компетенциялар;
- КК – кесиптик компетенциялар;

## I.ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

### 1.1. 230109 “Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы” багыты боюнча орто кесиптик негизги кесиптик билим берүү программасы

Ош мамлекеттик университетинин Индустриалдык-педагогикалык колледжинин **230109 “Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы”** багыты боюнча орто кесиптик билим берүүнүн (ОКББ) негизги кесиптик билим берүү программасы (НКББП) Мамлекеттик билим берүү стандартынын Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн билим берүү жаатындагы аныктаган тартипте башкы ченемдик укуктук актыларына ылайык, Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн аныктаган тартипте, бекитилген. (Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамы (30- апрель 2003-жыл № 92), Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын редакцияларында 28- декабрь 2006-жыл № 225, 31-июль 2007-жыл № 111, 31-июль 2007-жыл № 115, 20-январь 2009-жыл № 10, 17- июнь 2009-жыл № 185, 15-январь 2010-жыл № 2, 13-июнь 2011-жыл № 42, 8-август 2011-жыл № 150, 29-декабрь 2011-жыл № 255, 23-август 2011-жыл № 496, 29-май 2012-жыл № 347, 30-июль 2013-жыл №176, 15-сентябрь 2015-жыл №779/1, ОшМУ Бюллетендери №3, №4, №5, №6, №9, №18, №33).

НКББП максаттарды, күтүлүүчү натыйжаларды, мазмунду, билим берүү процессинин реализациялоо технологияларын жана шарттарын, ушул багыт боюнча бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун баалоо сапатын жана төмөнкүлөрдү өз ичине камтуу менен: окуу план, окуу курстарынын силлабустары, дисциплиналар (модулдар), студенттерди даярдоо сапатын камсыздаган жана башка материалдар, андан сырткары окуу календардык график жана тиешелеш билим берүү технологиясын реализациялоону камтыган методикалык материалдарды регламенттештирет.

НКББПын усулдук камсыздоо үчүн окуу-методикалык комплексине ылайык төмөнкү документтер иштелип чыккан:

- Окуу планы;
- Окуу курстарынын, дисциплиналардын (модулдардын), практикалардын, илимий-изилдөө иштеринин, жыйынтык аттестациялоонун программалары;
- Окуу-процессинин графиктери;
- Компетенцияларды калыптандыруучу окуу-тарбиялык иштердин планы;
- НКББП өздөштүрүүнүн ар бир этабында (учурдагы, аралык жана жыйынтык аттестациялоодо) жалпы маданий жана кесиптик компетенцияларын калыптандыруучу инновациялык баалоо каражаттары :
    - Компетенттүү-багытталган тесттер;
    - Практикалык көндүмдү аныктоочу тапшырмалар;
    - Портфолио;
    - Кесиптик-аналитикалык баалоо каражаттары.

**230109 “Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы”** багытынын НКББПсын Ош мамлекеттик университетинин Индустриалдык педагогикалык колледжинин “Програмалоо ПЦК”, “Орто кесиптик билим

берүүрүн коомдук илимдер”, “Тилди жана адабиятты окутуунун теориясы жана методикасы”, “Орто кесиптик билим берүүдөгү тилдер” циклдары тарабынан ишке ашырылат.
(самар караайт)

### 1.2. 230109 “Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы” багыты боюнча орто кесиптик билим берүүдөгү НКББПнын жалпы мүнөздөмөсү

ОшМУда 230109 “**Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы**” багыты боюнча орто билимдүү техник-программисттерди даярдоо ушул ОКББ НКББП аркылуу ишке ашырылат.

230109 “**Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы**” багытындагы орто билимдүү техниктерди даярдоодо, түзүлгөн НКББПны толугу менен өздөштүргөн жана белгиленген тартипте мамлекеттик жыйынтык аттестациясынан ийгиликтүү өткөн окуу жайдын бүтүрүүчүлөрүнө «техник-программист» квалификациясын ыйгаруу менен орто кесиптик билими тууралуу диплом берилет.

### 1.3. ОКББ НКББПнын максаты

ОКББ НББПнын максаты ОшМУнун миссиясынын негизинде аныкталган.
**ОшМУнун миссиясы:**
**Ош мамлекеттик университетинин миссиясы – жалпы адамзаттык баалуулуктарга ээ болгон жана мамлекеттин туруктуу өнүгүүсүнө салым кошуучу заманбап адистерди даярдоо (ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин 2023-жылдын 31-мартындагы № 7 жыйынынын ЧЕЧИМИ)**

**Университеттин келечекке карай максаты –ОшМУнун классикалык университеттен - дүйнөлүк деңгээлдеги изилдөөчү жана инновациялык университетке трансформациялоо.**

**Стратегиялык максат – Дүйнөнүн алдынкы ТОП-700 изилдөөчү университеттеринин катарына кирүү. ОшМУну Борбор Азиядагы эң алдынкы 3 университеттердин бирине айландыруу.**

- жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарга жуурулушкан келечектин чакырыктарына ылайыктуу, илимий жана чыгармачыл ишмердүүлүккө шыктандыруучу, туруктуу өнүгүүгө багытталган динамикалуу чөйрөнү түзүү.

Бул миссияга ылайык “Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системалардын программалык жабдылышы” багыты боюнча техник-программисттерди даярдоодо төмөнкү максаттар аныкталган:

**Программанын максаттары**

230109 «Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» багыты боюнча Техник-программисттерди даярдоодогу негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттары. ОКББ НКББПнын инсанды окутуу жана тарбиялоо жаатында даярдоонун 230109 «Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» багыты боюнча төмөнкүдөй максаттарды коет:

**1-максат.** Бүтүрүүчүнүн кесипкөй иш жүргүзүүсүн калыптандыруучу атайын терендетилген теориялык жана практикалык кесиптик билим берүү менен өзү тандаган кесипте ийгиликтүү иштей ала турган кесиптик компетенцияларга ээ болууга, билимдерин практикада колдоно билүүгө жана ар дайым өзүн өстүрүүгө үйрөтүү.

**2-максат.** Компетенттүүлүк мамиле менен студенттердин социалдык-инсандык сапаттарын, адептик жана маданий баалуулуктарын калыптандыруу, бүтүрүүчүлөрдө жалпы билим берүү дисциплиналарын, гуманитардык, социалдык, математикалык, техникалык билимдерди окутуунун натыйжасында мамлекеттик жана расмий тилдерде иш кагаздарды колдонуу менен иштей алган, англис тилиндеги маалыматтарды колдоно алуу жөндөмдүүлүгүнө ээ болгон интеллектуалдуу, маданияттуу жана ата мекенди сүйгөн патриот инсанды тарбиялоо.

## 1.4. НКББП ны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү

Күндүзгү окуу таризиндеги кесиптик орто билим берүүдө 230109 «Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» багыты боюнча техник-программисттерди даярдоодо ОКББ НКББПны өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтү 9-класстын базасында 2 жыл 10 айдан, 11-класстын базасында 1 жыл 10 айдан кем эмес мөөнөттө болот.

Техник-программисттерди даярдоодогу ОКББ НКББПны өздөштүрүүнүн башка ченемдик мөөнөттөрүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү белгилейт.

## 1.5. НКББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу

Техник-программисттерди даярдоодогу ОКББ НКББПны өздөштүрүүнүн жалпы эмгек сыйымдуулугу 120 дан кем эмес кредитке (чегерим бирдикке) барабар.

Бир окуу семестринин эмгек сыйымдуулугу 30 кредитке (чегерим бирдикке) барабар (окуу процесси эки семестрлик болуп курулган учурда).

Бир кредит (чегерим бирдик) студенттин окуу ишинин 36 саатына барабар (анын ичинде анын аудиториялык, өз алдынча иштери жана аттестациянын бардык түрлөрү).

## 1.6. НКББП жана аны пайдалануучулар

МББС ОКББ боюнча техниктерди даярдоо багытында НКББПны ишке ашыруудагы милдеттүү нормалардын, эрежелердин, талаптардын жыйындысы жана уюштуруучулук-

усулдук документтерди иштеп чыгуу, лицензиясы же Кыргыз Республикасынын аймагында мамлекеттик аккредитациясы (аттестациясы) бар, бардык ЖОЖдор жана орто кесиптик билим берүүчү билим берүү мекемелеринин уюштуруучулук-укуктук тариздерине карабастан орто кесиптик билим берүүнүн негизги кесиптик билим берүү программаларын өздөштүрүү сапатын баалоо үчүн негиз болуп эсептелинет.

230109 «Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» техник-программисттерди даярдоо багыты боюнча ОКББ МББСны негизги пайдалануучулар болуп:

- ЖОЖдордун администрациясы жана илимий-педагогикалык курамы (профессордук-окутуучулук курам, илимий кызматкерлер), өздөрүнүн ЖОЖдорундагы ошол багыт жана даярдоонун деңгээли боюнча илимдин, техниканын жана социалдык чөйрөнүн жетишкендиктерин эсепке алып, негизги кесиптик билим берүү программаларын иштеп чыгуучулар, натыйжалуу ишке киргизүү жана жаңылоо үчүн жооптуу адамдар;
- ЖОЖдо даярдоонун ошол багытындагы негизги билим берүү программасын өздөштүрүү боюнча өзүнүн окуу ишин натыйжалуу ишке ашыруу үчүн жооптуу студенттер;
- тийиштүү кесиптик иш чөйрөсүндөгү адистердин жана иш берүүчүлөрдүн бирикмелери;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү аткаруу бийлигинин борбордук мамлекеттик органынын тапшыруусу боюнча негизги билим берүү программаларын иштеп чыгууну камсыз кылуучу окутуу-усулдук бирикмелер жана кеңештер;
- орто кесиптик билим берүүнү каржылоону камсыз кылуучу мамлекеттик аткаруу бийлигинин мүчөлөрү;
- орто кесиптик билим берүү системинде мыйзамдардын сакталышына көзөмөлдү камсыз кылуучу, орто кесиптик билим берүү чөйрөсүндө аттестацияны, аккредитацияны жана сапатка көзөмөлдү жүзөгө ашыруучу мамлекеттик аткаруу бийлигинин ыйгарым укуктуу мүчөлөрү эсептелет.

### 1.7. Абитуриенттердин (талапкерлердин) даярдыгынын билим деңгээлине талаптар

Орто кесиптик билим берүүнүн «техник-программист» квалификациясын алуу үчүн орто кесиптик билим алууга талапкер абитуриенттин тиешелүү толук же толук эмес орто билимдүүлүгү тууралуу аттестаты болушу зарыл жана анын билим деңгээли ЖОЖ тарабынан уюштурулган кирүү сынагы аркылуу аныкталат.

# II. 230109 «ЭСЕПТӨӨ ТЕХНИКАСЫНЫН ЖАНА АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАЛАРДЫ ПРОГРАММАЛЫК КАМСЫЗДОО» БАГЫТЫ БОЮНЧА БҮТҮРҮҮЧҮНҮН КЕСИПТТИК МҮНӨЗДӨМӨСҮ

## 2.1. ЖОЖдун НКББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар

ЖОЖдор даярдоонун багыты боюнча негизги билим берүү программасын өз алдынча иштеп чыгышат. НКББП Кыргыз Республикасынын даярдоо багыттары боюнча эмгек базарынын керектөөлөрүн эсепке алуу менен тийиштүү мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде иштелип чыгат.

ЖОЖдор НКББПны илимдин, маданияттын, техниканын, технологиялардын жана социалдык чөйрөнүн өнүгүүсүн эсепке алып, ЖОЖдо билим берүүнүн сапатынын кепилдигин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөрдө камтылган сунуш-көрсөтмөлөрдү кармануу менен, жыл сайын каралат жана өзгөртүү, түзөтүүлөр болсо жаңыланат:

- бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыз кылуу боюнча стратегиялардын иштелмесинде;
- билим берүү программаларын мезгил-мезгили менен рецензиялоонун мониторингинде;
- так макулдашылган чендин негизинде студенттердин билимдеринин жана билгичтиктеринин, бүтүрүүчүлөрдүн зиректүүлүгүнүн деңгээлин баалоонун объективдүү өтүү тартиптеринин иштелмелеринде;
- окутуучулар курамынын сапатын жана зиректүүлүгүн камсыз кылууда;
- бардык ишке ашырылуучу билим берүү программаларын жетиштүү каражаттар менен камсыз кылууда, аларды колдонуунун натыйжалуулугун көзөмөлдөөдө (мунун ичинде окуп жаткандарды сурап билүү жолу менен);
- өзүнүн ишмердүүлүгүн (стратегиясын) баалоо жана башка шайкеш билим берүү мекемелери менен катар коюп салыштыруу үчүн макулдашылган чендер боюнча өзүн-өзү изилдөөнү үзгүлтүксүз жүргүзүүдө;
- коомчулукту өзүнүн изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары, максаттары, жаңылоолору тууралуу маалымдоодо.

Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоо алардын күндөгү, аралыктык жана жыйынтык мамлекеттик аттестациясын камтышы керек. Студенттерди жана бүтүрүүчүлөрдү алардын жекече жетишкендиктерин тийиштүү НКББПнын этаптуу же түпкү талаптарга ылайык келгидей аттестациялоо үчүн баалоочу каражаттардын: типтүү тапшырмаларды, текшерүү жумуштарын, тесттерди ж.б. камтуучу билимдерди, билгичтиктерди жана ээ болгон зиректиктеринин деңгээлин баалоого мүмкүндүк берүүчү формалары түзөт. Баалоочу каражаттардын формаларын ЖОЖ иштеп чыгат жана бекитет.

Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин мазмунуна, көлөмүнө жана түзүмүнө карата талаптар жогорку окуу жайдын белгиленген тартиби боюнча аныкталат.

НКББПны иштеп чыгууда ЖОЖду бүтүрүүчүлөрдүн социалдык-инсандык зиректигин (мисалы, социалдык өз ара аракеттенүү зиректерин, өзүн-өзү уюштурууну жана системдик-ишмердүүлүк мүнөздөгү өз алдынча башкарууну) түзүү мүмкүнчүлүктөрү аныкталуусу керек. ЖОЖ ЖОЖдун социалдык-маданий чөйрөсүн түзүп калыптандырууга, инсандын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл шарттарды түзүүгө милдеттүү.

ЖОЖ окуу жараянынын социалдык-тарбиялык бөлүгүн студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүнү, студенттердин коомдук уюмдардын ишине катышуусун, спорттук жана чыгармачылык клубдарды, илимий студенттик коомдорду кошуп, өнүктүрүүгө көмөктөш болууга милдеттүү.

ЖОЖ студенттердин өзүнүн окуу программасын түзүүгө катышуусунун реалдуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

ЖОЖ НКББПны түзүүдө студенттерди алардын укуктары жана милдеттүүлүктөрү менен тааныштырууга, студенттер тандап алган сабактар алар үчүн милдеттүү болуп эсептелинерин, ал эми алардын суммалык эмгек сыйымдуулугу окуу циклинде каралгандан кем болбошу керектигин түшүндүрүүгө милдеттүү (ОшМУ Бюллетень №15).

## 2.2.Студенттин НКББПны ишке ашыруудагы укуктарына жана милдеттүүлүктөрүнө карата жалпы талаптар

НКББПны өздөштүрүүдө натыйжалуулукка жетишүү максатында СИЖМКы өнүктүрүү бөлүгүндө студенттер студенттик өз алдынча башкарууну өнүктүрүүгө, коомдук уюмдардын, спорттук жана чыгармачылык клубдардын, илимий студенттик коомдордун ишине катышууга милдеттүү.

Студенттер ЖОЖдун НКББПсында алдын ала каралган бардык тапшырмаларды аныкталып белгиленген мөөнөттөрдө аткарууга милдеттүү (ОшМУ Бюллетень №15).

## 2.3.Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү

Студенттин окуу жүгүнүн максималдуу көлөмү анын аудиториялык жана аудиториядан тышкаркы (өз алдынча) окуу ишинин бардык түрлөрүн камтуу менен, жумасына 36 саат болуп белгиленет.

Жумасына аудиториялык сабактардын күндүзгү окуу таризиндеги көлөмүн ЖКББнын деңгээлин жана даярдоонун багытынын өзгөчөлүгүн эсепке алуу менен, ар бир окуу сабагын үйрөнүүгө бөлүнгөн жалпы көлөмдүн 50% чектеринде мамлекеттик билим берүү стандарты аныктайт.

Күндүзгү окуу таризинде аудитордук сабактардын көлөмү жумасына 16 сааттан аз болбойт.

Окуу жылындагы каникулдук убакыттын жалпы көлөмү 7-10 жуманы түзөт, мунун ичинде кыш мезгилинде 2 жумадан кем эмес.

## 2.4.Бүтүрүүчүлөрдүн кесиптик ишмердүүлүгүнүн түрлөрү:

230109 «Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» багытынын техник-программисттерди даярдоо адистиги төмөнкү түрдөгү ишмердүүлүктөрдү камтыйт:

Маалыматтар процесстери, технологиялары, системдери жана тармактары, жана аларды инструменттер менен (программалык, техникалык, уюштуруучулук) камсыздандыруу, долбоорлоонун ыкмалары жана методдору, ондоо, маалыматтар технологияларын жана системдерин төмөнкү чөйрөлөрдө өндүрүү жана иштетүү: *административдик башкаруу, юриспруденция, бизнес, жекече ишмердүүлүк, коммерция, менеджмент, банктык системалар,билим берүү, маалыматтык системдердин коопсуздугу, технологиялык процесстерди башкаруу, байланыш, телекоммуникация, почта байланышы, массалык маалыматтоо системдери, дизайн, жана ошондой эле ар кандай турдөгү ишканалардын профилдери жана экономикалык шарттагы маалыматтоо коомунун бардык ишмердиктери.*

## 2.5.Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапаттын баалоо (обший караш керек)

Жогорку окуу жайы даярдоонун сапатын камсыздоого кепилдик берет, анын ичинде:

- жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн ишке тартуу менен бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын камсыздоо боюнча стратегиясын иштеп чыгат;
- билим берүү программасын мезгил-мезгили менен рецензиялоо, мониторинг, бүтүрүүчүлөрдүн компетенциясын, студенттердин билимин жана ишке жөндөмүнүн деңгээлин баалоонун обьективдик иш тартибин иштеп чыгуу; окутуучулардын курамынын зиректүүлүгүн камсыздоо;
- жумуш берүүчүлөрдүн өкүлдөрүн ишке тартуу менен башка билим берүү мекемелери менен ишкердүүлүктөгү стратегияны жана салыштырмалуу баалоо үчүн макулдашылган критерий боюнча ар дайым өздүк баалоону өткөрүү жолу.

Бүтүрүүчүлөрдүн жыйынтыктоочу аттестациясын жана студенттердин ортодогу аттестациясын, жетишүүчүлүктөрдү учурдагы текшерүүнү ичине киргизип негизги билим берүү программасын өздөштүрүүнүн сапатын баалоо.

Жогорку окуу жайы өз алдынча ар бир сабак боюнча учурдагы жана ортодогу билимди текшерүүнүн шарттарын жана айкын түрүн иштеп чыгып, аны студенттерге биринчи бир айдын ичинде билдирет.

Студенттерди, НКББПга коюлган этаптык шарттарга ылайык, алардын жекече жетишкендиктерин аттестациялоо үчүн (учурдагы жетишүүсүн текшерүү жана аралык аттестация) билимин, көндүмүн жана ээ болгон зиректүүлүгүнүн деңгээлин баалоого мүмкүнчүлүк берген типтик тапшырмаларды, текшерүү иштерин, тесттерди жана текшерүү ыкмасын ичине камтыган баалоочу каражат фонду түзүлгөн.

Баалоочу каражат фонду ЖОЖ тарабынан иштеп чыгарылат жана бекитилет.

Конкреттүү сабак берген окутуучулардан башка, тышкы эксперт катары иш берүүчүлөрдү, чектеш сабактарды окуган окутуучуларды активдүү ишке тартуу менен, студенттердин аралык аттестациясын жана жетишүүлөрүнүн учурдагы текшерүүсүнүн программасына, алардын кесиптик ишкердүүлүгүнүн келечегинин шартына максималдуу жакындатуу үчүн ЖОЖ тарабынан шарт түзүлгөн.

Студенттерге окуу жараянынын уюштуруусун жана сапатын толугу менен, ошону менен бирге кээ бир окутуучулардын иштерин баалоого мүмкүнчүлүк берилет.

Мамлекеттик жыйынтык аттестациясы дасыгуу иштерин коргоону (дипломдук долбоорду), Кыргызстан тарыхы боюнча жана жалпы кесиптик дисциплиналардын комплекстик сынагы боюнча мамлекеттик сынактарды камтыйт. Дасыгуу ишинин (дипломдук долбоордун) түзүлүшүнө жана көлөмүнө, мазмуунуна коюлган шарттар о.э. мамлекеттик сынакка коюлган шарттар ЖОЖ тарабынан аныкталат (ОшМУнун №2) .

Орто кесиптик билим берүү программасын өздөштүрүүнүн натыйжасында студент төмөнкүлөрдү:

**Билүүсү зарыл:**

- мамлекеттик тил мыйзамынын негизинде иш алып барууну жана учурдун талабына ылайык иш кагаздарын жаза билүү, өркүндөтүү жана өнүктүрүүнү; - тарыхый процесстердин негизги мыйзам-ченемдүүлүктөрүн, Кыргызстандын тарыхый өнүгүшүнүн этаптарын, азыркы дүйнө жүзүндөгү Кыргызстандын ордун жана ролун;
- сызыктуу алгебраны, аналитикалык геометрияны, дифференциалдык жана интегралдык эсептөөлөрдү;
- компьютердик технологиялардын, эсептөө техникасыны жана информатиканын заманбап өнүгүүсүнүн тенденцияларын;
- программалоонун базалык түшүнүктөрүн жана принциптерин, программалык продуктыны түзүүнүн негизги этаптарын;
- Компьютер менен иштөөнүн программалык жана техникалык заманбап каражаттарын;

- алгоритмдерди жана программаларды иштеп чыгуу технологияларын, ЭЭМде маселелерди чечүү жана каталарды жоюу ыкмаларын;
- маалымат коммуникациялык системдер жана технологиялар тармагындагы жалпы стандарттарын;
- объектиге ылайык программалоонун негиздерин;
- ар кандай маалымат системдери үчүн заманбап операциондук системдердин негиздерин жана алардын маалымат базаларынын, аларды башкаруу системдеринин өзгөчөлүктөрүн;
- желелик протоколдорду түзүүнүн, эсептөө системдерин уюштуруунун архитектуралык назарияттык негиздерин;
- интернет-технологияларынын негиздерин;
- компьютердик системдердин маалымат коопсуздугун камсыздоо ыкмаларын жана каражаттарын;
- профессионалдык пикир алмашууну;
- айлана-чөйрөнү таанып-билүүдө жана илимдер системасында математиканын ордун, ролун;
- практикалык маселелерди чечүүдө физикалык мыйзамдарды, эсептөө техникасын жана математикалык ыкмаларды колдонууну;
- маалымат системаларын жана анын архитектурасын;
- маалымат системаларын классификациялоону;
- маалымат системаларынын жашоо циклин.

**Жасай билиши керек:**

- социалдык-саясий жана илимий адабияттарды өз алдынча талдоону;
- иш кагаздарын туура жазууну, колдонууну.
- талдоолордун жыйынтыктарын эске алуу менен өз ишмердиктерин пландаштырууну жана ишке ашырууну, мамлекеттик жана расмий тилдерде оозеки жана жазуу кептерин жакшы сүйлөө;
- өзүнүн кесиптик ишмердүүлүк чөйрөсүндөгү негизги терминдерди жана кесиптик текстти которууда оозэки жана жазуу ыкмаларына ээ болуу;
- улуттук оюндар жана алардын тарбиялык мааниси жөнүндө маалыматтарга ээ болуу;
- практикалык маселелерди чечүүдө физикалык мыйзамдарды, эсептөө техникасын жана математикалык ыкмаларды колдонууну;
- кесиптик чөйрөдөгү маселелерди чечүү, алынган жыйынтыктарды анализдөө;
- тармактык түзүмдөрдө, маалымат жана эсептөө системдеринде программдык-аппараттык каражаттарды колдонууну, комплекстөөнү, тандоону;
- математикалык, комплекстик, функционалдык анализдин негизги усулдарын колдонууну;
- сандык усулдар жана математикалык маселелерди чыгаруунун алгоритмдерин колдонууну;
- маалымат жана эсептөө системдеринде программдык-аппараттык каражаттарды инсталляциялоо, тестирлөө, сыноо жана колдонууну;
- маселени коюу жана аны чечүүнүн алгоритмдерин иштеп чыгуу, негизги программдык каражаттарда иштеп чыгуу;
- заманбап программалоо системдери менен иштөө;
- операциондук системдердин конкреттүү конфигурацияларын күүлөө;

- клиент-сервер архитектурасын колдонуу;
- автоматташтырылган жумушчу оруңдарды компьютер жабдуулары менен камсыз кылуу ыкмаларын үйрөнүү.

**Аткара билүүсү керек:**

- өзүнүн жеке көз карашын жазуу түрүндө далилдеп берүү көндүмүн; - көпчүлүктүн алдында сүйлөй билүү, жүйөө далилдерди келтирүү, талаш-тартыш жана карама-каршы пикирдеги талкууларды уюштуруу, ар түрдүү талкуулардын логикасына практикалык талдоо жүргүзүү көндүмдөрүн;
- мамлекеттик жана расмий тилдерде оозеки жана жазуу түрүндө тиешелүү денгээлде байланыша билүү, чет тилинде кесиптик багыттагы маалыматтарды алуу денгээлинде көндүмдөрдү калыптандырууну;
- дифференциалдык жана алгебралык теңдемелерди сандык ыкмалар менен чыгаруу;
- объектке багытталган программалоонун методдорун, касиеттерин, окуяларын колдонуу, долбоорлоонун методдорун жана каражаттарын, информациялык системаларды кайра түзүү;
- процедуралык жана объектиге ылайык программалоо тилдери менен иштей билүү, бир жогорку деңгээлдеги программалоо тилинде программаны иштеп чыгуу жана оңдоо көндүмдөрү;
- ар түрдүү операциондук системдерде, серверлерде иштөө жана администрациялоо көндүмдөрү;
- маалымат базаларынын түзмөктөрүн заманбап каражаттарын сүрөттөө ыкмалары;
- чектүү желелерди конфигурациялоо көндүмдөрү, программалык каражаттар аркылуу желелик протоколдорду ишке ашыруу;
- алгебранын, колдонмо геометриянын элементтеринин билимдер базасын жана теориялык, эксперименталдык маселелерди изилдөөдө математикалык методдорду колдонуу;
- өндүрүштүк (кесиптик) практикасынын жүрүшүндө кесиптик иштин бардык түрлөрү боюнча алган билимдерин бекемдөө жана өстүрүү;
- практиканын жыйынтыгын жана анализин, документациялык жумуштарды үйрөнүү.

## III.230109 «ЭСЕПТӨӨ ТЕХНИКАСЫНЫН ЖАНА АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАЛАРДЫ ПРОГРАММАЛЫК КАМСЫЗДОО» БАГЫТЫ БОЮНЧА НКББПны АЯКТАГАНДА КҮТҮЛҮҮЧҮ НАТЫЙЖАЛАРЫНЫН ЖЫЙЫНДЫСЫ КАТАРЫ БҮТҮРҮҮЧҮ ЭЭ БОЛУУЧУ КОМПЕТЕНЦИЯЛАР

### 3.1. НББПнын негизги компетенциялары

| Багыттар | Компетенциялар | Окутуунун натыйжасы (ОН) |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| **Тилдик жана коммуникативдик көндүмдөр** | ЖК-1: Эл алдында баяндама жасайт; өз кебинин стилин, түрүн тандайт жана аны баяндайт, өз пикирин жазма-оозеки формада туура, так билдирет жана далилдейт, изилдөөнүн жыйынтыктарын кесиптик чөйрөдө кыргыз, орус жана чет тилдеринде алып чыгат. | ОН-1: Үч тилде баарлашат: кыргыз жана орус тилдеринде B2 деңгээлинде, чет тилдердин биринде B1 деңгээлинде кесиптик чөйрөдө кеп ишмердүүлүгүн жүргүзөт. |
| **Улуттук жана жалпы адамзаттык баалулуктар** | ЖК-2: Кесиптик ишмердүүлүгүндө инсандык-жарандык мамилелерди сын көз караш менен талдайт жана баа берет, мамлекетүүлүктүн философиясын, жарандык идентүүлүктү, патриоттуулукту, жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды өркүндөтүүгө багытталган идеяларды демилгелөөгө жана аткарылышын камсыздоого жөндөмдүү. | ОН-2: Инсандык, улуттук иденттүүлүктү сактоо менен жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды урматтайт, өнүгүүсүнө жана жайылтылышына кам көрө алат, мамлекеттин кызыкчылыктарына жана социалдык чөйрөдө инсандык, жарандык жоопкерчилик мамиледе болот. |
| **Soft skills (жумшак көндүмдөр)** | ЖК-3: Жаңы идеяларды генерациялайт жана креативдүү ой жүгүртүү менен тышкы чөйрөдөгү инновацияларга жана күтүүсүз кырдаалдарга ыңгайлаша алат;<br><br>Долбоорлорду уюштуруу жана ишкердик жүргүзүүдө аналитикалык ойлонот жана сын көз караш менен аракеттене алат. | ОН-3: Идеяларды жаратууга жана критикалык ой жүгүртүүгө, башка көз караштарды интеграциялоого жана талдоого жөндөмдүү, профессионалдык чөйрөдө аргументтүү жана конструктивдүү ойлонот, ишкердик жүргүзүүдө стандарттык эмес кырдаалда өзүн-өзү башкарат, психологиялык туруктуулукту жана изилдөөчүлүк жөндөмдөрдү колдоно алат. |

| | | |
|---|---|---|
| **STEM көндүмдөр** | ЖК-4: Санариптик медиа тексттерди, инфографикаларды, негизги математикалык, инженердик, илимий принциптерди колдоно алат, санариптик жана креативдүү экономиканын ар кандай бизнес чөйрөлөрүндөгү жаңы тенденцияларга ыңгайлаша алат; | ОН-4: Заманбап маалыматтык-телекоммуникациялык технологияларды жана математикалык методдорду колдонот, техникалык, санариптик жана креативдүү экономиканын тенденцияларына ийкемдүү мамиле жасайт. |

| | | |
|---|---|---|
| **ЖАЛПЫ КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАР (ЖК)** | | |
| **1** | Оптималдаштырылган маселелерди чечүү үчүн математикалык методдорду пайдалана алат. | **ЖКК-1** |
| **2** | Кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу. | **ЖКК-2** |
| **3** | Өз ишин уюштурууну, кесиптик милдеттерди аткаруу методун жана ыкмаларын тандоону, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалоону билүү. | **ЖКК-3** |
| **4** | Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткаруу, кесиптик жана инсандык өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издөө, чечмелөө жана пайдаланууга жөндөмдүү. | **ЖКК-4** |
| **5** | Заманбап билим берүү жана маалыматтык технологияларды колдонуу менен өз алдынча жаңы билимдерди алууга жөндөмдүү | **ЖКК-5** |
| **КЕСИПТИК КОМПЕТЕНЦИЯЛАР (КК)** | | |
| **ПРОГРАММАЛЫК КАМСЫЗДООНУ ИШТЕП ЧЫГУУ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЕСИПТИК ИШМЕРДИК** | | |
| **1** | Колдонуучунун талаптарына ылайык программалык камсыздоону долбоорлоо, иштеп чыгуу, тестирлөө жана ишке киргизүү боюнча заманбап программалоо тилдерин жана технологияларын натыйжалуу колдонууга жөндөмдүү. | **КК-1** |
| **2** | Маалыматтарды сактоо, башкаруу, виртуалдык серверлерди түзүү жана алардын интеграциясын ишке ашыруу үчүн колдонулуучу маалыматтар базасынын башкаруу системаларын жана тиешелүү программалык каражаттарды колдонууга жөндөмдү; | **КК-2** |
| **3** | Ар түрдүү программалык продуктуларды иштеп чыгуу технологияларын, анын ичинде объектке багытталган программалоо, алгоритмдерди иштеп чыгуу, маалыматтар менен иштөө ыкмаларын жана заманбап веб жана мобилдик тиркемелерди иштеп чыгуу чөйрөлөрүн колдонууга жөндөмдү | **КК-3** |
| **МААЛЫМАТТЫК СИСТЕМАЛАРДЫ ИШКЕ КИРГИЗҮҮ ЖАНА КОЛДОО КӨРСӨТҮҮ ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЕСИПТИК ИШМЕРДИК** | | |
| **7** | Маалыматтык системаларды ишке киргизүүдө техникалык жана программалык компоненттердин интеграциясын камсыз кылып, | **КК-4** |

| | | |
|---|---|---|
| | системаларды конфигурациялоо, орнотуу жана сыноо иштерин аткара алат. | |
| **8** | Маалыматтык системалардын туруктуу жана үзгүлтүксүз иштешин камсыз кылуу үчүн системалык мониторинг жүргүзөгө, пайда болгон техникалык маселелерди өз алдынча же команда менен бирге чечүүгө жөндөмдүү. | **КК-5** |
| **9** | Маалыматтык системаларды эксплуатациялоодо маалыматтардын коопсуздугун жана бүтүндүгүн камсыз кылуу үчүн коопсуздук чараларын колдонот. Аутентификация, авторизация, антивирустук коргоо, маалыматтарды шифрлөө сыяктуу ыкмаларды колдонот жана системанын коопсуздугун үзгүлтүксүз көзөмөлдөөгө жөндөмдү; | **КК-6** |
| **ӨНДҮРҮШТҮК - ТЕХНОЛОГИЯЛЫК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЕСИПТИК ИШМЕРДИК** | | |
| **13** | Жеке компьютерлердин архитектурасы жана техникалык мүнөздөмөлөрү боюнча билимге ээ болуп, операциондук системанын программалык интерфейсин пайдаланунун жолдорун жана функцияларын, жабдуулардын драйверлерин орнотууга жөндөмдүү | **КК-7** |
| **14** | Ар кандай типтеги локалдык тармактардын иштөө өзгөчөлүктөрү жана мүнөздөмөлөрү жөнүндө билимге ээ болуу; | **КК-8** |
| **15** | Программалоо чөйрөсүндө тилдердин мүмкүнчүлүктөрүн жана мүнөздөмөсүн аныктоого жана коюлган маселени программалык реализациялоонун алгоритмин иштеп чыгууга жөндөмдүү. | **КК-9** |
| **16** | Компьютердик графиканы жана мультимедиялык технологияларды колдонуу менен программалык продуктулардын долбоорлорун иштеп чыгууга жөндөмдүү; | **КК-10** |
| **УЮШТУРУУ – БАШКАРУУЧУЛУК ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ КЕСИПТИК ИШМЕРДИК** | | |
| | Эмгекти коргоонун нормалары, техникалык коопсуздук, өндүрүштүк санитария, өртөн коргонуунун эрежелери жөнүндөгү билимдерге ээ болот; | **КК-11** |
| | Өнөр жай ишканасынын (уюмунун) ишин уюштуруудагы ченемдик документтердин негизги жоболорун жана аны башкаруунун негиздерине ээлик кылууга жөндөмдүү | **КК-12** |
| | Колдонмо программаларды натыйжалуу колдонууну камсыздай алуу. | **КК-13** |

### 3.2. Күтүлүүчү натыйжалар (окутуунун натыйжалары)

230109 «Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» багыты боюнча орто билим берүү программасынын окуутунун натыйжалары: НКББПнын ОНлары студенттин билимдерин, билгичтиктерин жана инсандык сапаттарын, кесиптик ишмердүүлүк маселелерин чечүүдө колдоно билүү жөндөмдүүлүктөрү аркылуу аныкталат. НКББПнын ОНларында бүтүрүүчүдө тиешелүү компетенциялардын калыптанышын камсыз болушу талап кылынат.

| № | ОКУТУУНУН НАТЫЙЖАЛАРЫ | КОМПЕТЕНЦИЯЛАР |
|---|---|---|
| **ОН-1** | Профессионалдык тапшырмаларды чечүүдө математикалык (табыгый), гуманитардык, социологиялык, экономикалык | |

| | | |
|---|---|---|
| | илимдердин базалык жоболорун колдонуп, өз алдынча жогорку деңгээлде жаңы билимдерди өздөштүрүүдө маалымат технологияларын колдоно билүү жөндөмдүүлүгү артат. | |
| **ОН-2** | Жалпы жана кесиптик билимдерине таянып, маселелерди чечүүдө мамлекеттик жана расмий тилдерде иш кагаздар менен иштей алууга, англис тилиндеги техникалык маалыматтарды туура чечмелөө жөндөмдүүлүгү артат. | |
| **ОН-3** | Компьютерде маалыматты алуу, сактоо жана иштеп чыгуу үчүн негизги усулдарга жана көндүмдөргө ээ болушат, уюмдук чечимдерди иштеп чыгууда компьютердик графиканын негиздерин, мультимедиялык технологияларды, колдонмо программалардын пакетин колдоно алат. | |
| **ОН-4** | Толлеранттуулук жана демократиянын принциптеринин негизинде коллективде иштей алышат, мекемелердин ресурстарын коргой жана баалай билген билимдерди колдоно билишет. | |
| **ОН-5** | Студент оптималдаштырылган маселелерди чечүү үчүн математикалык методдорду колдоно алат жана кесиптик ишинде маалыматтык-коммуникациялык технологияларды натыйжалуу колдонууга жөндөмдүү. кесиптик милдеттерди аткаруунун ыкмаларын тандоо, натыйжалуулугун баалоо жана керектүү маалыматтарды издөө менен заманбап билим алуу жана практикалык иштерди жүзөгө ашырууга жөндөмдүү. | **ЖКК-1, ЖКК-2, ЖКК-3, ЖКК-4, ЖКК-5** |
| **ОН-6** | Программалык камсыздоону долбоорлоп, иштеп чыгып, тестирлеп жана ишке киргизүүнү, ошондой эле маалыматтар базасын түзүү, башкаруу жана сервердик интеграцияны аткарууну өздөштүрөт. Ал объектке багытталган программалоо, алгоритмдер жана веб-мобилдик тиркемелерди иштеп чыгуу технологияларын практикада натыйжалуу колдоно алат. | **КК-1, КК-2, КК-3** |
| **ОН-7** | Маалыматтык системаларды орнотуу, конфигурациялоо, интеграциялоо жана сыноо иштерин аткарууга, ошондой эле системалык мониторинг жүргүзүп пайда болгон техникалык көйгөйлөрдү чечүүгө жөндөмдүү. | **КК-4, КК-5, КК-6** |
| **ОН-8** | Компьютерлердин архитектурасын жана техникалык мүнөздөмөлөрүн түшүнүп, операциондук системанын функцияларын жана жабдуулардын драйверлерин өз алдынча орното алат, ошондой эле компьютердик тармактын иштөө принциптерин өздөштүрөт. Ал программалоо, компьютердик графика жана мультимедиялык технологияларды колдонуу аркылуу программалык продуктулардын долбоорлорун ишке ашырууга жөндөмдүү. | **КК-7, КК-8, КК-9, КК-10** |
| **ОН-9** | Өнөр жай ишканаларынын ченемдик документтерин жана башкаруунун негиздерин өздөштүрүп, колдонмо программаларды натыйжалуу колдонуу аркылуу өндүрүштүк жана башкаруу процессин жүзөгө ашыра алат. | **КК-11, КК-12, КК-13** |

### 3.3. Күтүлүүчү натыйжалардын максаттарга дал келүүчүлүк матрицасы

Максат менен күтүлүүчү натыйжалардын дал келүүчүлүк матрицасы:

| | **МАКСАТ-1** | **МАКСАТ-2** |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| **ОН-1** | + | |
| **ОН-2** | + | |
| **ОН-3** | | + |
| **ОН-4** | + | |
| **ОН-5** | | + |
| **ОН-6** | | + |
| **ОН-7** | + | + |
| **ОН-8** | | + |
| **ОН-9** | | + |
| | | |
| | | |

Окутуунун натыйжаларыды иштеп чыгууда Техникалык адистиктер кафедрасынын окутуучулары тарабынан студенттерге, окутуучуларга, бүтүрүүчүлөргө, жумуш берүүчүлөргө эмгек рыногунун жана мамлекеттин, сырткы стейкхолдерлердин сунуш, талаптары алынды.

230109 «Эсептөө техникасынын жана автоматташтырылган системаларды программалык камсыздоо» багытынын студенттерине жана бүтүрүүчүлөрүнө ОКББПны аяктагандан кийин кандай натыйжаларга ээ болуу керектиги жөнүндө бардык зарыл маалыматтар өз убагында эдвайзерлер, предметниктер жана кураторлор тарабынан жеткирилет.

## IV. «ЭСЕПТӨӨ ТЕХНИКАСЫНЫН ЖАНА АВТОМАТТАШТЫРЫЛГАН СИСТЕМАЛАРДЫ ПРОГРАММАЛЫК КАМСЫЗДОО» БАГЫТЫ БОЮНЧА НКББПЫН ИШКЕ АШЫРУУНУН МАЗМУНУ ЖАНА ОКУУ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУНУН РЕГЛАМЕНТТӨӨЧҮ ДОКУМЕНТТЕРИ

### 4.1.Окуу планы

| НКББП ДЦ коду | Окуу циклдери жана аларды өздөштүрүүдөгү жыйынтыктардын долбоору | Эмгек көлөмү (кредит) | Үлгүлүү программаларды, окуу китептерин жана окуу колдонмолорун иштеп чыгуу үчүн дисциплиналардын тизмеси | Калыптануучу компетенциялардын коддору |
|---|---|---|---|---|
| КОББ 1. | **Социалдык - гуманитардык цикл** | **12** | | |
| | ***Кыргыз (орус) тили:*** - тил жана кеп; жазуу жана оозеки кебинин өзгөчөлүгү; адабий тилдин нормалары жөнүндө түшүнүк; лексика; кепте көркөм, таасирдүү каражаттарын колдонуу; лексикалык нормалар; фразеология; фразеологиялык бирдиктердин типтери, аларды кепте колдонуу; сөздүктөр жана | | Кыргыз (орус тили) тили,<br>Кыргызстандын тарыхы,<br>чет тили,<br>. | ЖК-1<br>ЖК-2<br>ЖК-3<br>ЖК-4<br>ЖК-5<br>АК-1<br>АК-2<br>АК-3<br>АК-4<br>СЖК-1 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | аларды колдонуу; фонетика; тилдин ачык-дааналыгындагы фонетикалык каражаттар; орфография жана анын негизги принциптери; сөз жасоочу нормалар; морфология; грамматикалык категориялар жана аларды айтуу методдору; морфологиялык нормалар; синтаксис; синтаксистин негизги бирдиктери; пунктуация; тексттин лингвистикасы.<br>***Кыргызстандын тарыхы:*** -<br>Сабактын максаттары жана милдеттери; Таш Жана коло доору. Даван мамлекети. Хун империясы. Чынгыз-хан Жана Амир-Темирдин доорундагы Кыргызстан. Кокон хандыгы. Кыргызстандын маданияты. Кыргызстандын байыркы тарыхы; Борбордук Азия аймагындагы этникалык процесстер жана кыргыз элинин калыптанышы; кыргыздардын материалдык жана рухий маданияты; Манас эпосу аркылуу муунардын жол улашы жана мезгилдердин байлашыны; Кыргызстан Россия империясынын жана СССР курамында; Кыргызстан маданияты(19-20 кылым). эгемендүү Кыргызстандын туулушу; Кыргызстанды өнүктүрүүнүн жалпы улуттук стратегиясы. Чет олколук кыргыздар.<br><br>***Чет тили:*** - *(англис):* чет тилде пикир алышуунун негиздери: фонетика, лексика, фразеология, грамматика; адистик боюнча иштиктүү тилдин негиздери; кесиптик лексика, фразеологиялык түрмөктөр жана терминдер; кесиптик тармактагы тексттерди которуу техникасы (сөздүк менен); кесиптик пикир алышуу. | | | СЖК-2<br>СЖК-3<br>СЖК-5 |
| КОБ<br>Б-2 | **Математикалык жана табигый - илимий цикл** | **6** | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ***Математика:*** - математикалык талдоо: дифференциалдык жана интегралдык эсептөөлөр; кадимки дифференциалдык теңдемелер; граф теориясынын негизги түшүнүгү; ыктымалдык теориясынын жана математикалык статистиканын негиздери: негизги саноо ыкмалары; ***Информатика*:**- маалыматты автоматтык түрдө иштетүү: негизги түшүнүктөр, технология; КК жеке түзүлүшү жана жалпы курамы; КК программалык камсыздоо; операциялык системалар; программалык колдонмо менен камсыздоо; маалыматты жайгаштырууну, сактоону жана берүүнү уюштуруу; маалыматты санкцияланбаган пайдалануудан коргоо; коргоонун антивирустук каражаттары; чектүү жана дүйнөлүк компьютердик тармактар; программалык колдонмо каражаттары; тексттик процессорлор, электрондук таблицалар, графикалык редакторлор, маалыматтык издөө системалары. | | Математика, Информатика, | ЖК-1<br>ЖК-2<br>ЖК-3<br>ЖК-4<br>ЖК-5<br>АК-1<br>АК-5<br>СЖК-1<br>СЖК-2<br>СЖК-4<br>СЖК-5 |
| КОББ 3 | ***Кесиптик цикл*** | **75** | | |
| | **Базалык бөлүк**<br>**Операциондук системалар жана чөйрөлөр:**<br>Түшүнүк, негизги функциялар, операциондук системалардын түрлөрү; операциондук алкак; операциондук системалардын машинадан көз карандылык касиети: үзгүлтүктүү иштеп чыгаруу, процесстерди пландаштыруу, кируу – чыгууну тейлөө, виртуалдык эске-тутууну башкаруу, операциондук системалардын машинадан көз каранды эмес касиети: файлдар менен иштөө, тапшырмаларды пландаштыруу, ресурстарды бөлуштүрүү; операциондук системалардын коргонуусу жана | **60** | Операциондук системалар жана чөйрөлөр: | ЖК-2-5<br>АК-1-5<br>СЖК-2-5<br>ПК-1-27 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | туруктуулугу, операциондук системаларды түзүү принциптери; операциондук системасынын иштөө өзгөчөлүктөрү; файлдык түзүлүш; операциондук системалардын стандартык программасы; башка операциондук системаларынын тиркемесин колдоо, түзүлүшөрдүн колдоо көрсөтүү ыкмалары, жабдыктардын драйверлери, түшүнүк, операциондук системадагы программанын интерфейсин колдонуунун функциялары жана ыкмалары, колдонуучулардын интерфейсинин түрлөрү, операциондук системаларды орнотуу жана көзөмөлдөө.<br>**ЭЭМдин жана эсептөө системасынын архитектурасы:** эсептөө системаларында маалымат билүү, санап чыгаруу системасы, ондук эмес арифметиканын эрежелери, кошумча сандын коду, туруктуу жана туруксуз чекиттин саны, санариптик эсептөө системасын түзүү, эсептөө системасынын негизги логикалык бөлүмүнүн архитектурасы жана иштөө принциптери, процессордун регистири, эске туттуу уюштуруу жана иштөө принциби, периферийлык түзүлүштөр менен карым-катнаш, процессордун иштоо режимин уюштуруу, процессордун программалоонун негизи, процессордун негизги командасы, үзгүлтүктүү колдонуу, эсептөө системаларынын түрлөрү жана алардын архитектуралык өзгөчөлүктөрү, эсептөөнун параллелизм и конвейеризациясы, КЭШ-эске тутуму, эсептөө платформаларынын классификациясы, процессорлордун түрлөрү, эсептөө системаларынын кошумча жана жетишсиз түрлөрү. | | ЭЭМдин жана эсептөө системасынын архитектурасы,<br>Маалыматташтыруунун техникалык каражаттары,<br>Алгоритмдештирүүнүн жана программалоонун негиздери,<br>Берилиштердин базасы | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | **Маалыматташтыруунун техникалык каражаттары:** эсептөө техника каражаттарынын негизги конструктивдүү элементтери: поцессордун түрү, энелик платанын түрлөрү жана логикалык түзүлүштөрү, корпустардын жана блок питаниелердин түрлөрү, ыкчам модул жана КЭШ-эске тутуму; Эсептөө техникасынынын периферилык түзүлүштөрү: түзүлүштөрдүн жалпы принциптери, программалык колдоо көрсөтүү; магнитик жана оптикалык колдонуучулардын чогултуусу; видеоподсистемалары, мониторлор, видеоадаптерлер: үн маалыматынын иштеп чыгуу принциптери, үндү кайрадан өндүрүү системасы, үндү тануунун каражаттары; маалымат басып чыгаруу түзүлүшү (принтерлер жана плоттерлер), сканнерлер, маалыматты киргизүүнүн манипулятордук түзүлүштөрү (клавиатура, мышь ж.б.) стандарт эмес перифериялык түзүлүштөр, аппарат жана программалык камсыздоо төп келишүүсү, аппарат каражаттарынын модеринизациясы; Эсептөө техникасынынын ресурсу жана энерго үнөмдө технологиясын колдонуу.<br>**Алгоритмдештирүүнүн жана программалоонун негиздери:** Алгоритмдештирүүнү түшүнүү, алгоритмдердин каражаттары, алгоритмдердин жалпы түзүлүшүнүн принциптери, алгоритмдердин негизги конструкциялары: программалоонун тилинин эволюциясы, алардын классификациясы, программалоонун системасын түшүнүү, алгоритм тилинде программа түзүү, тилдин негизги элементи, программанын | | Объектке багытташтырылган программалоо<br><br>Компьютердик түйүндөр,<br><br>Сандык ыкмалар, | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
